№ 1001-ФХД/22 18.03.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

# БУЙРУК

2021-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 11-мартындагы №5 протокол) «2021-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» деп аталган №1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1. 2021-жылы Ош мамлекеттик университетинде аткарылган илимий-изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Профессордук-окутуучулук курамдын ар бир мүчөсү боюнча улуттук жана QS глобалдык рейтингдерине кошкон салымын жана электрондук өздүк баракчада (http://teacher.portal.oshsu.kg/) алган упайларын талдоо менен илимий-педагогикалык кадрлардын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү жөнүндө перспективалык план иштеп чыгып, 2022-жылдын 15-апрелине чейин илимий-изилдөө бөлүмүнө тапшыруу факультеттердин декандарына жана кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
3. Каржыланган илимий долбоорлорду сунуштап өткөрүү, университетке инвестиция тартуу жана окумуштуулардын ишкердүүлүк менен алектенүү активдүүлүгүнө кеңири шарттарды жаратуу боюнча жоболорду 2022-жылдын 1-апрелине чейин иштеп чыгуу илимий-изилдөө жана пландоо-финансылык бөлүмдөрүнө милдеттендирилсин.
4. Профессордук-окутуучулук курамдын, аспиранттардын, докторанттардын, магистранттардын жана студенттердин илимий, илимий-методикалык эмгектерин «Web of Science», «Scopus» системалары аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда жарыкка чыгарууну стимулдаштыруучу конкурстардын жоболорун 2022-жылдын 1-майына чейин кайрадан иштеп чыгуу илимий-изилдөө жана аспирантура бөлүмдөрүнө жүктөлсүн.
5. Илимий-педагогикалык кызматкерлердин авторитеттүү илимий-метрикалык базаларында индексацияланган жогорку рейтингдүү басылмаларында басылма жана цитаталоо активдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу механизмин 2022-жылдын 1-майына чейин иштеп чыгуу илимий-изилдөө бөлүмүнө милдеттендирилсин.
6. «ОшМУнун жарчысы» илимий журналын эл аралык маалымат базаларына интеграциялоо жана импакт-факторун жогорулатуу боюнча жаңы жол картасын илимий-изилдөө бөлүмү 2022-жылдын 25-мартына чейин иштеп чыксын.
7. Изденүүчүлөрдүн (аспиранттардын) бекитилген илимий-изилдөө темалары жана изилдөөдө колдонулуучу илимий жабдуулар боюнча маалыматтардын базасын түзүү менен 2022-жылдын 1-июнуна чейин санариптештирүү милдети илимий-изилдөө, аспирантура бөлүмдөрүнө жана IT Академиясына жүктөлсүн.
8. Кафедралардын жана факультеттердин илимий-изилдөө отчетторун официалдуу ачык илимий булактардан (https://www.elibrary.ru, https://www.scopus.com, https://mjl.clarivate.com/home, https://vak.kg/, http://teacher.portal.oshsu.kg/, ж.б.) алынган маалыматтарга таянуу менен даярдала турган жаңы схемасы сунушталсын.
9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору, доцент Р.Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021